галереясы болуп эсептелет. Аз сандагы сүрөттөр Чолпоната шаарына жакын жерден жана Кетментөбө өрөөнүнөн табылган. Булар байыркылардын дүйнө таануусун билдирет, тарыхый доорго чейинки турмуш тиричилигин, салт – санаасын, үрп – адатын, мифологиялык ой – түшүнүктөрүн чагылдырат. Жалпылап айтканда, бул – байыркылардын тарыхый доорго чейинки илим – билими, дүйнө таануусу, астрономиясы, геологиясы, экологиясы жана башка түшүнүктөрү деп айтсак болот.

Мектептерде жаңы окуу жылы башталганда дайыма биринчи сабак «Манас» сабагы өткөрүлүп жүргөндүгү баарыбызга белгилүү. Бул тарбиялык сабакта мугалим, «Манас» эпосундагы тарыхый баалуу маалыматтарга таянып, этнопедагогикалык ыкмада сабак өтсө болот.

«Манас» эпосу оозеки кыргыз тарыхын, коомдук турмушун чагылдырган бабалар баяны. Эпосто кыргыздардын социалдык – экономикалык, саясий абалы, көзкаранды эместик үчүн жүргүзгөн күрөштөрү, коңшу элдер жана өлкөлөр менен өз ара мамилеси баяндалган.

Биздин доорго чейинки II кылымдан башталып, бүгүнкү күнгө чейин келип жеткен көнөө тарыхтын көптөгөн тарыхый жана «этаптык баскычтарын» боюна сиңирген оозеки чыгармачылыксыз, өзгөчө анын туу чокусун түзүп турган «Манас» эпосун элестетпей, аны азыркы учурда тарбиялоо системасына кошпой туруп, Кыргыз Республикасында патриоттук тарбия берүүнү уюштуруу мүмкүн эмес.

«Манас» эпосу – кыргыз элинин тил байлыгынын, көркөм сөз өнөрүнүн көөнөрбөс казынасынын, этнографиясынын, коомдук – саясий ой – толгоосунун (философия), психологиясынын, педагогикасынын, рухий турмушунун, жан дүйнөсүнүн сырларынын ачкычы.

Жыйынтыктап караганда, мектепте окуучуларга тарых сабагында гана эмес, башка предметтик сабактарда, класстан тышкаркы жана тарбиялык иштерде ар бир окуучунун этнопедагогикалык билимин жогорулатуу бүгүнкү учурдун талабы.

## АДАБИЯТТАР

1. Абрамзон С. М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. - Ф., 1990.
2. Аттокуров С. А. Кыргыз этнографиясы. - Б., 1998.
3. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. - Б., 1996.
4. Асанканов А. Кыргызы: рост национального самосознания. - Б., 1997.
5. Маанаев Э. Ж., Каратаев О. К. Кыргыз элинин этникалык өнүгүүсү. - Б., 2003.
6. Осмонов Ө. Ж., Асанканов А. А. Кыргызстан тарыхы байыркы доордон азыркы мезгилге чейин. - Б., 2002.

# УЛУТТУК МАДАНИЙ ДӨӨЛӨТТӨР – ДЕМОКРАТИЯЛУУ ИНСАНДЫН ӨНҮГҮШҮНҮН АЖЫРАГЫС ЭЛЕМЕНТИ

А.С. Баялиева

*Ж. Баласагын ат. Кыргыз улуттук университети, Бишкек ш.*

Элибиздин 2200 жылдан ашык мамлекеттүүлүгүнүн болгондугу, ага шайкеш өз доорунун ой максатын, жалпы өнүгүү багытын, нарк дөөлөттөрүн чагылдырган улуттук идеялардын болгондугу эч айныксыз нерсе. Анткени кайсы гана мамлекет

болбосун анын тарыхы, маданияты улуттук акыл, ой-санаасы, келечек мүдөөсү, ошол элдин табигый жашоо чөйрөсү, чарба жүргүзүү, жашоо тиричилик ыкмалары менен сиңишип, бир бүтүн дүйнө таануусун чагылдырган идеологиялык багыт болмоюн, ал коом, ал өлкө өз алдынча мамлекет боло алмак эмес. Башкача айтканда ар бир өлкөнүн жараны өз тарыхын, рухий-адептик, эстетикалык, экологиялык, биримдик ж.б. салттары жана тажрыйбалары жөнүндө билмейинче жана ага карата белгилүү бир көзкарашта болмоюнча эч кандай мамлекеттүүлүк жана маданияттуулук мүмкүн эместигин бүгүн ар бир адам түшүнсө керек.

Демек, «Улуттук идея» (улуттук акыл-ой) маданият, руханий саясий жана башка карым-катнаштардын өсүп, өнүгүшүнүн түптүү уюткусу болуп келе жатканын далилдөөнүн анчалык деле кажети жок деп ойлойбуз. Идеологиялык маанидеги нарк-дөөлөттөргө ошол коомго мүнөздүү болгон биримдик, демократия жана укук түшүнүктөрү дагы кирет. Мисалга ала турган болсок адам эркиндиги, адам укугу, адам асылдыгы, адам улуулугу жөнүндөгү ойлор өткөн доордогу элдик пикирлерде ар түрдүүчө чагылдырылып келген. Кыргыз элинин ой-санаасында демократиялуулук жана адам укугу идеялары дайым адамдык парз, милдет ата-салт, атажурт, урмат сый, улуу кичүү жана башка түркүн коомдук карым-катнаштарда орун алуу менен жекече мамилелер менен айкалышып аларга шайкеш келүүгө тийиш болгон. Ушундан улам адам укугунун жана демократиянын негизин табигый укук түшүнүктөрү байыркы кыргыздарда кеңири тараган нерсе болгон деген ой жаралат. Буга мисал болуп «Ичтен чыккан ийри жылаан» деген сөз адам түгүл бүтүн тирүү жандык жашоого акылуу жана аны сыйлоо керек дегендикке жатат. Ошондой эле дагы элибиздин «Баш кесмек бар, тил кесмек жок» деген баба сөзү, ар бир адамдын өз оюн айтууга тыюу жок экендигин белгилейт. Элибиздин ой-санаасында адам эркиндигин айкындаган, түшүндүргөн, далилдеген, шарттаган ушул сыяктуу мазмундагы ой пикирлер элдик оозеки чыгармаларда көп кездешет. Адамды өз мекениндеги укугу, эркиндиги бөтөн жерде бүгүнкү заманда да эч бир өлкөдө камсыз кылынбайт десек жаңылышпайбыз. Буга мисал катары «Бирөөнүн жеринде султан болгончо, өз жеринде ултан бол» деген улуу сөздү айткан экен ата-бабаларыбыз. «Бөтөн жерге барганда, пил коендон мусаапыр» дейт дагы макал. Демек, адам укугу биздин терең ишеничибизди, азыркы учурдагы улуттук мүдөөбүздү чагылдырган адамзат дүйнөсү деңгээлиндеги жалпы байлык. Дагы уланта келсек «Ырыс алды – ынтымак» дейт элибизде. Ынтымак кыргыз улутунун менталитетин чагылдырып турган өзгөчө бир артыкчылык десек жаңылышпайбыз. Ошондой улуу ынтымакта – демократия жатат. Ынтымактуу айылда, ынтымактуу туугандарда, ынтымактуу коомдо эч кандай укук бузуу, жеп-ичүү, туура эмес мамиле болбойт. Ынтымак өзү устав да, мыйзам да, документ да болуп жүргөн учурлар азыркы жашоо тиричилигибизде кеңири тараган көрүнүш. Элдин, журттун ынтымагын ошол ынтымактын башында турган лидеринин мыктылыгына, калыстыгына, даанышмандыгы менен кыраакылыгына жана адилеттүүлүгүнө түздөн-түз байланыштуу. Кыргыздын башка эл менен болгон байланышында, жоокерчиликте, кырсык болсо да, жокчулук болсо да ошол ынтымак жеңип келген. Ал эми ынтымагы жок аймакта, бири-бири менен чабышып, кол чогултуп бири-бирине каршы жамандыктар жасалып, шайлоолордо орун талаш, жаматтарда жер талаштар болуп азамат өмүрү кыйылган учурлар өткөн жана бүгүнкү тарыхыбызда маалым.

Кыргыз элинин рухий маданиятынын туу чокусу, «күзгүсү» жана турмуш-тиричилиги менен баскынчыларга каршы күрөштөрүнүн көркөм энциклопедиясы болуп эсептелген «Манас» трилогиясынын биринчи бөлүмүндө уруулук коомдун акыркы стадиясы жана таптык коомдун алгачкы этабы болуп саналган аскер демократиясынын доору чагылдырылган деп белгилейт Мамытбеков З.Ч. өзүнүн изилдөөлөрүндө [1].

«Манас» эпосунун ар эпизодунан элибиздин тоо сууларындай шаркырап, кээде ээ-жаа бербей кеткен эркин духунун, кимдин алдына келсе сыпайгерчилик үчүн башын ийсе да белин бүккүсү, башкалардын алдында инсандык беделин түшүргүсү келбеген, кандай кыйынчылыктар болбосун, атүгүл өлүм алдында жатса да дайыма «жакшы» деп жооп берген бийик рухунун, намыс үчүн оттон, суудан кайра тартпаган кашкөйлүгүнүн илеби сезилип турат.

Ошондой эле «Манас» эпосунда кандай маанилүү маселе, өз ара түшүнбөстүктөр болбосу үчүн уруу башчылары, кошундун жетекчилери бир бүтүмгө келээрде, калк арасындагы кыраакы адамдар жана жалпы журт менен акылдашып, ар ким өз пикирин айткандан кийин бир чечимге келүү – эпостогу негизги көрүнүштөрдөн. Мында кеңешчилердин тектери, аял, эркектиги эмес, акыл кошконго жөндөмдүүлүктөрү гана эске алынган. Жакып түшүн жорутарда Шакан, Бакдөөлөт деген эки аялы менен акылдашып алып, анан элди чогултчу экен. Манас Эсенкандын колун экинчи жолу жеңгенден кийин элдин баарын чогултуп, кыргыздын биримдигин сактоо үчүн элдик кеңеш менен бирөөнү хан көтөрүп, анын айланасында баш кошууну сунуш кылат. Кыргыздарды Алтайдан Анжиянга көчтүрүү, Акунбешимге каршы жүрүш жасоо, Көкөтөйдүн ашын өткөрүү сыяктуу ж.б. маселелерди айланасындагылар менен акылдашылып, ар кандай карама-каршы сөздөр айтылгандан кийин чечилет. Ал эми элдик кошундун ичиндеги өз ара наразылыктар, маселен, кошундун айрым бөлүгүнүн «тентиген Кытайды хан көтөрүп салдык, эми бул кимди оңдурат» деп Алмамбетке нараазы болгондору, Алмамбет менен Чубактын, Ырчы уул менен Бозуулдун ортосундагы чатактар, уруу башчыларынын ортосундагы түшүнбөстүктөр ж.б.у.с. дайыма маңдай – тескей отуруп сүйлөшкөндүк бүгүнкү күндүн тили менен айтканда демократиянын жардамы менен чечилген дегендикти билдирет.

Манас Каныкейге үйлөнөөр алдында Алмамбет Манаска анын мурда тандагандары жакшы аялдардан эместиги жөнүндө айтып, үчүнчү жолу үйлөнүүгө кеңеш берет. Башка элдердин салттарында хандарына элдин көзүнчө жогорудагыдай сөздөрдү айтуу өзүнө өлүм жазасын сурап алганга барабар болмок. Бирок, Манастын айкөлдүгү өзүнүн дарегине гана эмес, үй-бүлөсүнө кандай ачуу сөздөр айтылбасын аны мыйзам ченемдүү нерсе катарында кабыл алып, ага терикпестен көтөрүмдүү мамиле кылгандыгынан көрсөтөт. Эгерде элдик традициялуу демократияга каршы туруп, жогорудагыдай ачуу сындарга чычаласа же катуу айткандарды кектей турган болсо, анда ал баатыр катары эсептелмек эмес. Демек, кыргыздардын байыртадан келаткан «баатыр» деген түшүнүгү сайышта, чабышта өзгөчөлөнүү гана эмес, көпчүлүктүн ыркына көнүп, кеп көтөрүмдүү, сабырдуу болуу керек дегенди билдирет. Анткени, баштарынан көп нерселерди өткөрүп, дайыма кылычтын мизинде, найзанын учунда жашап келген эл өзүнүн тажрыйбасына ылайык сабырдуу, кечиримдүү болмоюнча эл арасында ынтымакты, биримдикти камсыз кылууга болбой тургандыгын терең түшүнүп жана ага карата жашоо-тиричилигин жүргүзүп келген. Ушундан улам «Сабырдын түбү - сары алтын», «Атаңды өлтүргөнгө энеңди алып бер» деген макалдар калган десек болот. Кыргыздарда эл башкарууда, ички, тышкы иштерди жүргүзүүдө элдин эрки, көпчүлүктүн пикири дайыма биринчи орунга койуу сыяктуу демократиялык салттар жашап келген. Муну биз эпостогу хандарды шайлоо салттарынан көрөбүз. Эпосто хандыкты тартып алып, бийиликти жеке кызыкчылыктарына колдонуу көрүнүштөрү жок. Ким хан болуп шайланбасын аны биринчи кезекте түйшүктүү оор милдет, жоопкерчилик катарында кабыл алуу табигый закон ченемдүү нерсе катары түшүндүрүлөт. Ошондуктан сараңдыгы жагынан атагы чыккан Жакып да хандыкка:

«Карыганда хан бол, -деп,
Калабага салбаңар,

Каралдым турса кашымда,
Карып калган жашымда,
Убалына калбаңар» [2] деп кыйылып жатып араң макул болот. Ушундай эле себептен Үрбү да хандыктан баш тартат. Мындан биз кыргыз элинде хандык атадан балага өтчү мурас катары эмес, эл ишенимин актай ала турган, жалпы калктын купулуна толгон, анын нарк-мүдөөсүнө жооп берген адамды жалпы демократиялуулуктун негизинде тандоо, же шайлоо болгондугун көрүп турабыз. Манас хандыкты, лидерликти эч качан күч колдонуп, же кuулукка, амал-айлакерликке салып алган эмес. Ал алгач он төрт жашында курдаштарынын талкуусуна коюлуп, 84 баланын ичинен төрөлүккө шайланат. Кийин да чечүүчү мезгилдерде дайыма элдин талкуусуна коюлгандан кийин гана хандыгын ырастап, бийлик ыйгарымын узартып турган. Кыргыздарда хан же кол башчы шайлоодо анын ататеги эмес, талапкердин жекече инсандык касиеттери, сапаттары негизги өзгөчөлүк болуп саналган. Буга мисал катарында Кытайдан ооп келген Алмамбеттин Бакайдын ордуна хан болуп шайланып, чоң казатты жетектөөсүнөн көрсөк болот.

Дагы бир мисал катарыда эпосто адамдардын жекече инсандык укуктарын, эркиндиктерин сактап, урматтоо да чоң орунду ээлейт. Эпостун эч жеринде Манастын кошундары тарабынан жеңилгендерди кордоп, кемсинтип, жазалаган учурлар кездешпейт. Тескерисинче, Манас Шоорук ханды жеңип, тартуусуна отуз кыз алганда, ал кыздарга каалаган жигиттерин өздөрү тандап алганга мүмкүнчүлүк берет.

Отодогу отуз кыз
Кыдырата карашып
Кыздар карап тек турду
«Каалагын»-деп, бир-бирин
«Сен каалагын!»- деп турду. [2]

Текестин кошунун жеңип, жерин ээлегенде Манас аскерлерине жеңилгендердин мал-мүлкүн, дүнүйөлөрүн талаганга катуу тыюу салып, Кытайдын элин чогултуп, өздөрү каалаганын хан шайлап алууларын сунуш кылат.

Көтөрүп туунду байла, -деп
Көпчүлүк каныҥ шайла, -деп
Көк жалың Манас айтты кеп. [2]

Манас үчүн тышкы жеңиштерге караганда элдин ички ынтымак, биримдиги, кошундун санына караганда сапаты маанилүү болгон. Ошондуктан ал аскерлердин материалдык мүмкүнчүлүктөрүнө, инсандык сапаттарына жараша мамиле жасоого аракеттенген. Чоң казатка аттанып жатып, жоокерлерине «аты-тонуңар толук эместер, каалабагандарыңар кайткыла» деген өтүнүч менен кайрылат. Анткени, ал чоң казаттан көпчүлүгүнүн кайтып келбесин, аты-тону, ден соолуктары начарлар жолдо эле чыгымга учураарын жакшы түшүнөт. Ошондуктан өз кошунундагыларынын бөөдө жоготууларга учурап, анын айынан эл арасында наразычылыктар күчөп, биримдикке доо кетишин каалабайт. Ал курал-жарагы, аты-тону шай болуп, өз өмүрүн алдын-ала тобокелге салганга даяр тургандар менен гана жүрүшкө чыга тургандыгын билдирет.

Кайтуучуңар кайтасың,
Кайтабыз деп айтасың
Калуучулар каласың
Тобокелге саласың [2] деп алдыдагы кыйынчылыктарды жашырбай ачык айтып, кайсынысын тандоону инсандын өз эркине калтырат. Мындай адамдардын укуктарын, эркиндиктерин сыйлоо демократиянын барып турган жогорку формасы экендиги баарыга белгилүү. Ушундай айкөлдүктү мындан нечендеген кылымдар мурдагы баяндардан түгүл, цивилизациялуулугу өсүп-өнүгүп, адамдын укуктары, эркиндиктери ашкере даңазалаган XX кылымдагы согуштардын тарыхынан деле табуу кыйын.

Булар аркылуу «Манас» эпосу кыргыз элинин духунун, рухунун гана күзгүсү,

элибиздин көп кылымдык тарыхынын энциклопедиясы гана эмес, ал улуттук демократиялык традициянын, анын эволюциясынын, тарыхынын күзгүсү экендигин баса белгилеп кетүүнү ылайык көрөбүз. Эпостогу элибиздин улуттук демократиясынын чагылдырылышын көркөм дөөлөт катарында гана көрүү эмес, аларды бүгүнкү турмуштун талабына жараша жаштарды тарбиялоодо тарыхый көрүнүш жана баа жеткис каражат катарында карообуз абзел.

Ал эми сөз аягында биздин улуттук маданий дөөлөттөрдүн ичинде демократиялык идеялардын бар экендигин, алардын турмуштук тажрыйбада орун алгандыгын, мамлекетти курууда баа жеткис мурас катары колдоого татыктуу экендигин белгилөө менен аларды кийинки өсүп келе жаткан жаш муундарга жеткирүү керек экендигин белгилеп кетмекчибиз.

АДАБИЯТТАР

1. Мамытбеков З.Ч. Отражение жизни и борьбы киргизов в эпосе «Манас». -Бишкек, 1993. - С. 4

2. Каралаев С. Манас. - Т. 2. - Фрунзе: Кыргызстан, 1984.

## ОСНОВЫ ФОРМИРОВАНИЯ ЭКОЛОГИЧЕСКОГО ВОСПИТАНИЯ В ВЫСШИХ УЧЕБНЫХ ЗАВЕДЕНИЯХ

М. Жусубалиева

*Медицинский институт Ошского государственного университета, г. Ош*

Природное богатство – могучий фактор духовного здоровья граждан республики. Развитие проблемы окружающей среды приобретает важное экономическое, социальное и культурное значение. С учетом этого Кыргызстан первым из стран СНГ в сотрудничестве со Всемирным Банком разработал и принял Национальный план по охране окружающей среды… В нем установлены приоритеты и цели на ближайшие 3-5 лет, реализация которых имеет общечеловеческое значение.

Таким образом, окружающая среда, в первую очередь природа, имеет культурное значение, а, следовательно, и эстетическое. А весьма приоритетным в эстетическом прозрении к природе является, конечно, все, что относится к природе родного края, имеющее не только национальное, но и общечеловеческое значение. Поэтому важно воспитывать у будущих специалистов чувство высокой ответственности за сохранение и приумножение природных богатств.

И здесь сильнодействующим фактором может быть, прежде всего, эстетика природы, обусловленная экологическим фактором, осваиваемая в определенной системе процесса эстетического воспитания, с установкой на формирование не только интереса к прекрасному в природе, но и способность видеть, понимать, оценивать это великолепие, а также отражать его в каком-либо творчестве. Глубокий интерес, острота восприятия, осознанность красоты в природе усиливаются нравственной направленностью процесса эстетического воспитания природой, без которой немыслимо это воспитание. В свою очередь, нравственно-эстетическое содержание данного процесса невозможно без экологического.

Эстетическое воспитание природой находится в тесной связи с нравственным и экологическим. Здесь более уместно говорить об эстетическом воспитании студентов с нравственно-экологической направленностью. Следовательно, утверждать в сознании учащихся эстетическую гармонию и целесообразность в природе. Гордость за эту красоту родного края, принципы природопользования, потребности и умение сохранить природосообразную красоту, активизировать гуманное к ней отношение.

Важно сформировать у юного поколения нравственное отношение к экологии, её